**«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Апелляциялык кеңешке каршы пикирлерди, арыздарды берүүнүн жана аларды кароонун эрежелерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2019-жылдын 20-февралындагы № 80 токтомунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМ КАТ

## 1. Максаттар жана милдеттер

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу интеллектуалддык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Апелляциялык кеңешке каршы пикирлерди, арыздарды берүүнүн жана аларды кароонун эрежелерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2019-жылдын 20-февралындагы № 80 токтомунун долбоору “Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык белгилер жана товар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 54-беренесинин 7-бөлүгүнө (мындан ары - Товардык белгилер жөнүндө мыйзам) жана Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамынын 47-беренесинин 3-бөлүгүнө (мындан ары - Патент мыйзамы) ылайык иштелип чыккан. Көрсөтүлгөн нормаларга ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн ченемдик - укуктук актыларын жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык келтирүүгө милдеттүү.

Аталган эки мыйзам тең (Патент мыйзамы жана Товардык белгилер жөнүндө мыйзам) ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди жана өнөр жай үлгүлөрүн (мындан ары - ТБ), географиялык көрсөткүчтөрдү (ГК) жана товар чыгарылган жердин аталыштарын (ТЧЖА) укуктук коргоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана интеллектуалдык менчик жаатындагы колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин 2020-жылдын 3-февралында Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык бирлигинин товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлардын чыгарылган жерлеринин аталыштары (мындан ары - ЕАЭБ ТБК) жөнүндөгү келишимге ылайык мыйзамдык боштуктарды жоюу жана Евразиялык патенттик конвенцияга (ЕПК) жана Кыргыз Республикасынын башка эл аралык келишимдерине ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан жана кабыл алынган

Жогорудагы мыйзамдардын негизинде:

- товардык белгилерге, географиялык көрсөткүчтөргө, товар чыгарылган жерлердин аталыштарына, ойлоп табууларга укуктук коргоо берүүнүн (каттоо) тартиби жөнөкөйлөштүрүлдү;

- каттоого арыздарды жана Кыргызпатенттин чечимдерине даттанууларды кароо мөөнөттөрү кыскартылды;

- материалдарды логикалык жана ырааттуу берүүнүн жана бөлүктөрүнүн, пункттарынын жана пунктчаларынын номерлерин киргизүүнүн эсебинен Мыйзамдын айрым так эместиктери жоюлду жана аны кабыл алуу жөнөкөйлөштүрүлдү;

- интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо жана камсыз кылуу жаатындагы дүйнөлүк жана улуттук укук колдонуу практикасынын тажрыйбасы эске алынып жана ишке ашырылууда.

Товардык белгилерди, географиялык көрсөткүчтөрдү, товар чыгарылган жердин аталыштарын, ойлоп табууларды каттоого байланышкан талаштар милдеттүү түрдө сотко чейин жөнгө салынууга тийиш (Патент мыйзамынын 3-беренеси жана Товардык белги жөнүндө мыйзамдын 3-беренеси). Бул талаш-тартыштарды кароонун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Жаңы Патент Мыйзамы жана Товардык белгилер жөнүндө мыйзам талаштарды чечүү мөөнөттөрүн (4 айдан 3 айга  чейин) олуттуу өзгөрттү, бардык арыздарды жана башка кат-кабарларды электрондук форматта берүү мүмкүнчүлүгүн киргизди, ошондой эле ыйгарым укуктуу орган тарабынан кабыл алынган чечимдерди каттоонун жана даттануунун административдик жол-жоболорун олуттуу кыскартты. Бул инновациялар учурдагы Эрежелерге шайкеш келтирилиши керек. Мындан тышкары, колдонуудагы Эрежелер административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдарга ылайык келтирилиши зарыл.

Жогорудагылардан тышкары, мамлекеттик органдардын аталыштары да жаңылануууну талап кылат.

Учурдагы Регламентке өзгөртүүлөр долбоору төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- экспертизанын чечимдерине каршы пикирлерди кароо мөөнөттөрүн 4 айдан 3 айга чейин кыскартууну. Бул арыз берүүчүгө өз укуктарын мөөнөтүнөн мурда коргоого жана жарандык жүгүртүүгө катталган, күбөлүк менен камсыздалган товардык белгини киргизүүгө же интеллектуалдык менчик укуктарын пайдалануу менен адилетсиз атаандаштыкка өз убагында бөгөт коюуга мүмкүнчүлүк берет;

- корголуучу объекттердин катарына "**географиялык көрсөткүч**" сыяктуу объектти киргизүүнү. Талапкерлерге географиялык көрсөткүчтү каттоо жана пайдалануу укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү берилет. Буга

байланыштуу колдонуудагы Эрежелер географиялык көрсөткүчтөрдү каттоого байланышкан талаштар менен да толукталат. ГКны каттоо жана аны пайдалануу укугун берүү ТЧЖАга салыштырмалуу жөнөкөйлөштүрүлгөндүктөн, аны жарандык жүгүртүүдө колдонууга ишкерлер (айрыкча айылдыктар) тарабынан чоң кызыгуу пайда болот, демек, талаш-тартыштардын саны да өсөт деп болжолдонууда.

- кайталоону азайтуу жана абзацтарды жана пунктчаларды бир кыйла ыңгайлуу номерлөө, ошондой эле мамлекеттик органдардын аталыштарын жаңылоо аркылуу Эрежелердин текстин кабыл алуу кыйла жеңилдетилди.

Жалпысынан токтом долбоору товардык белгилерге укуктук коргоону алуудагы тоскоолдуктарды жок кылат. Бул долбоордун кабыл алынышы товардык белгилерди, географиялык көрсөткүчтөрдү жана товар чыгарылган жердин аталыштарын, ошондой эле ойлоп табууларды каттоодо өз укуктарын коргоонун жол-жоболорун, анын ичинде талаш-тартыштарды чечүү убактысын кыскартуу жана жекелештирүү каражаттарынын рыногун активдештирүү жолу менен укуктарды коргоо процедурасын бир топ жөнөкөйлөтөт.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, финансылык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерди болжолдоо**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бул токтомунун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарын эске алуу менен Долбоор коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайтында («Коомдук талкуу» бөлүмү) жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын нормаларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Бул долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Бул долбоор "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, ишкердикти жөнгө салууга багытталбагандыктан, жөнгө салуучу таасирге талдоо жүргүзүүгө жатпайт. Тескерисинче, долбоор интеллектуалдык менчик объектилерин каттоодо укуктарды коргоо жол-жоболорун олуттуу либералдаштырат.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору кароого киргизилди.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин директорунун милдетин аткаруучу ____________________________ У.Исмаилбеков**

«_____» _________ 2023 г.